**Кабыл алынды:**

**№ 3 пед.кеңешме**

**« 8 » 01 2020-жыл**

**Бекитилди:**

**Мектеп директору**

**Г.М.Оторбаева**

**« 8 » 01 2020-жыл**

**Шабдан Ата атындагы орто мектебинин жарандардын жазуу түрүндө кайрылуулары менен иш алып баруучу «Ишеним кутучасы жөнүндөгү"жобосу**

1.Бул "Ишеним кутучасы"жөнүндөгү Жобо,жарандардын жазуу түрүндө кайрылуулары менен иш алып баруунун тартибин аныктайт.

2."Ишеним кутучасынын"иш алып баруусунун негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1989-жылы 20-ноябрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган №44/25 "Балдардын укуктарын коргоо Конвенциясынын"талаптарынын бузулушун каттоону жана кароону камсыз кылуу багыты.

-кайрылууларды кабыл алуу,каттоо жана тиешелүү чечим кабыл алуу үчүн мектеп администрациясына жиберүү;

-кайрылуулар боюнча кабыл алынган чечимдерди талдоо жүргүзүү,жооп жөнөтүү

**2.Ишти уюштуруу тартиби**

1. "Ишеним кутучасынын"иш алып баруусу тууралуу жалпы мектеп чогулушунда,класстык сааттарда,ата-энелер чогулуштарында маалымат берүү.

2. "Ишеним кутуча"башка адамдар ачып кароосун алдын-алуу максатында,мектеп директорунун колу коюлган жана атайын мектептин мөөрү менен бекитилет.

3. "Ишеним кутучасын"ачып алуу үчун атайын жумушчу топ тузулүп,кутучаны ачуунун айына бир жолудан кем эмес ирээти тузүлүп,ачуу жана кайрылууларды алуу атайын актынын толтурулушу менен коштолушу талап кылынат.

4. "Ишеним кутучасынын"алуу актысы мектеп директоруна жиберилет.

5.Кайрылууларды кароо мектеп администрациясына жана директорго жүк-төлөт.

6.Ар бир айдын 5-күнүнө карата “Ишеним кутучасынын”иштөөсү боюнча маалымат даярдоо,мектептик чогулуштарга алып чыгуу,ата-энелерге жет-кизүү ,мектептин директорунун окуу –тарбия иштери боюнча орун басарын жүктөлөт.